Капарова Чынара Абдылдаевнанын 10.01.10 – журналистика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган "Телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясы жана азыркы абал" деген темадагы диссертациясына илимий жетекчинин

# ПИКИРИ

Кыргыз телевидениесинин 60 жылдан ашуун тарыхы бар. Бул жылдар аралыгында телекөрсөтүүнүн жалпы тарыхы атамекендик окумуштуулар тарабынан изилденгени менен, маалыматтык программаларга, анын өнүгүү тенденциясына, азыркы абалына жана жанрдык ар түрдүүлүгүнө арналган илимий эмгектер жазылган эмес. Интернет, санарип, спутник жана башка технологиянын өнүккөн мезгили телевидениедеги маалыматтарды берүүнүн ыкмаларын комплекстүү изилдөөнү талап кылат. Анткени телевидение саясий коммуникациянын куралы катары коомго ар тараптуу маалыматтарды таратып, коомдук пикирди калыптандырат. Диссертант Чынар Капарова телевидениенин маалымат кызматында иштеген көп жылдык тажрыйбасына таянуу менен буга чейин илимий объектиге алынбаган теманы изилдөөгө алып, ага илимий аспектте анализ бере алды. Кыргызстандагы телеканалдардын маалыматтык чыгарылыштарынын талдоого алынышы, мамлекеттик, коомдук жана жеке менчик телеканалдардын маалымат берүү ыкмаларынын салыштырылышы, иш өзгөчөлүктөрүнүн белгилениши илимий иштин актуалдуулугун жана жаңычылдыгын белгилейт.

Диссертант телекөрсөтүүдөгү маалымат программалардын өнүгүү тенденциясын өтө жакшы өздөштүргөнү, маалыматтык программалардын азыркы абалын талдоодо ачыктык принцибин колдонгону, илимий анализге сын пикирин кошо алгандыгы, илимий эмгектерге полемикалык ыкма менен шилтеме бере алгандыгы колдоого татыктуу. Маалымат программалардын техникалык жана чыгармачылык калыптануу жана өнүгүү жолун туура далилдер менен көрсөтүп берген.

Диссертант изилдөө темасын ачып берүү үчүн зарыл болгон илимий-теориялык иштер, телерадиону жана андагы маалыматтарды берүү ыкмаларын изилдеген дүйнөлүк окумуштуулар В.Егоров, Э.Багиров, В.Ворошилов, В.Цвик, А.Юровский, Н.Омашев, атамекендик илимпоздор М.Мырзагулов, Д.Кадыров, А.Кацевтин эмгектери менен толук таанышып чыгып, изилдөөсүнө салыштырма-типологиялык жана салыштырма-тарыхый методологиялык негизде талдоо жүргүзгөн.

Киришүүдө теманын актуалдуулугу, жаңычылдыгы, милдеттери, максаты, апробациясы жана башка талапка ылайык жоболору ачык жана

так аныкталган. Диссертациялык иш 2 главадагы 9 параграфка туура бөлүштүрүлгөн. Ар бир главасы өзүнүн милдетин орундатууга багытталган.

"Кыргызстандагы телевидениенин маалымат программалары" деп атаган 1-главада телекөрсөтүүдөгү маалымат программалардын өнүгүү тенденциясына көңүл бурган. Маалыматтарды берүү процессин теориялык жана практикалык иликтөөлөрүнө таянуу менен ишенимдүү тыянактаган. Маалыматтык программаларды изилдөөнү атайын этаптарга бөлүп талдоого алганы ишти жеткиликтүү жана маңыздуу кылып, диссертанттын ага изденүү жана кызыгуу менен мамиле жасаганынан кабар берет.

2-глава “Коомдук телевидениенин маалымат берүүсү" деп аталып, Ч.Капарова Коомдук телеканалдын тарыхын жана ишмердүүлүгүн эл аралык тажрыйбалар менен, ошондой эле маалымат программаларын жергиликтүү телеканалдардын материалдары менен салыштыруу аркылуу анализдеген. Коомдук телевидениенин табияты анын коомго тиешелүү экендигин, анын коомчулук тарабынан каржыланып, элдик көзөмөлгө алынышы керектигин так көрсөтүп бергени изденүүчүнүн тиешелүү илимий эмгектерди, иш кагаздарды өздөштүргөнүнөн кабар берет. Талдоолор болсо маалыматтык программалардын ишмердүүлүгү менен тааныштыгын ырастайт.

Темага тиешелүү илимий-теориялык, фактылык маалыматтарды талдоого алганы, аларды салыштырып анализдегени, ушунун натыйжасында жеке өзүнө таандык илимий тыянактарды жасаганы изденүүчүнүн жеке салымы. Изденүүчүнүн стили талапка жооп берет, илимий мүнөзгө ээ, ойлор так жана ачык берилген. Теория менен методология жагынан кемтик жок.

Чынар Капарованын 10.01.10 - журналистика адистиги боюнча жазган кандидаттык диссертациясы алдыга койгон максатына жеткен, иштин илимий-теориялык деңгээли ЖАКтын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына толук жооп берет. Диссертацияны коргоого сунуштайм.

**Илимий жетекчи** **К.И.Мамбеталиев**

**филология илмдеринин доктору**